**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№1/2026, 374-384

***ПСИХОЛОГИЯ***

**УДК:** 398.8:159.954 (575.2)
**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1_26

# ТӨКМӨЛӨРДҮН ЭСИ

## ОСОБЕННОСТИ ПАМЯТИ ТӨКМӨ АКЫНОВ

## FEATURES OF MEMORY TOKMO AKYNS

**Мурзаев Маматали Султанович**
*Мурзаев Маматали Султанович*
*Murzaev Mamataly Sultanovich*

**п.и.к., доцент, И.Арабаев атындагы КМУ**
*к.п.н., доцент, КГУ имени И. Арабаева*
*Candidate of Psychological Sciences, Associate Professor, KSU named after I. Arabaev*
mamatali54@mail.ru
ORCID: 0000-0002-1097-3370

---

**Караева Назира Ормонбековна**
*Караева Назира Ормонбековна*
*Karaeva Nazira Ormonbekovna*

**ф.и.к., Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., Ошский государственный университет*
*Candidate of Philological Sciences, Osh State University*
karaeva@oshsu.kg
ORCID: 0009-0006-0130-1325

# ТӨКМӨЛӨРДҮН ЭСИ

**Аннотация**

Бул макалада төкмө акындардын чыгармачылыгындагы эс процесстеринин өзгөчөлүктөрү когнитивдик психологиянын негизинде алгач ирет илимий жактан талдоого алынат. Төкмөлүк өнөр өтө татаал психологиялык ишмердик болуп, эс, көңүл буруу, кабыл алуу, ой жүгүртүү жана кыялдануу сыяктуу таануу процесстеринин жогорку деңгээлде өнүккөн болушун талап кылат. Изилдөөнүн максаты – төкмөлөрдүн көп сандаган ырларын, обон-тондорун, тексттерин жана айтыш учурунда атаандаш акындын ар бир сөзүн так эстеп, бат жооп кайтаруусунун психологиялык механизмдерин аныктоо. Макалада Дж. Миллер, Аткинсон-Шиффрин, Баддели-Хитч сыяктуу когнитивдик моделдердин алкагында төкмөлөрдүн эс процесстери талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында, төкмө акындарга мүнөздүү оперативдүү, семантикалык жана вербалдык эс механизмдери алардын импровизациялык чыгармачылыгынын негизин түзөрү аныкталды. Изилдөөнүн актуалдуулугу төкмөлүк өнөрдү психологиялык аспектен системалуу изилдөөнүн жетишсиздиги жана улуттук оозеки чыгармачылыктын когнитивдик табиятын илимий жактан түшүндүрүүгө болгон зарылчылык менен шартталат. Алынган жыйынтыктар төкмөлүк өнөрдү изилдөөдө гана эмес, оозеки маданий мурастын психологиялык негиздерин ачып берүүдө да теориялык жана практикалык мааниге ээ. Мындан тышкары төкмө акындардын эс процесстеринин калыптанышына таасир этүүчү тажрыйбалык факторлор жана оозеки чыгармачылыктын ролу да эске алынды. Ошондой эле, төкмөлүк ишмердиктин шарттык мүнөзү эс процесстеринин ыкчам активдешүүсүн талап кылары белгиленди.

**Ачкыч сөздөр:** акын-төкмө, импровизация, психология, когнитивная модель, внимание, память, восприятие, мышление.

## *Особенности памяти төкмө акынов*

**Аннотация**

В статье впервые с позиций когнитивной психологии анализируются особенности процессов памяти в творческой деятельности кыргызских акынов-төкмө. Төкмөлүк искусство представляет собой сложный вид психологической деятельности, требующий высокого уровня развития таких познавательных процессов, как память, внимание, восприятие, мышление и воображение. Цель исследования заключается в выявлении психологических механизмов, обеспечивающих способность төкмө-акынов запоминать большое количество поэтических текстов, мелодий и оперативно реагировать на каждое высказывание соперника в процессе айтыша. В работе используются когнитивные модели памяти Дж. Миллера, Аткинсона-Шиффрина, а также концепция рабочей памяти Баддели-Хитча. В результате исследования установлено, что оперативная, семантическая и вербальная память являются основой импровизационного мастерства төкмө-акынов. Актуальность исследования обусловлена недостаточной разработанностью психологического анализа төкмөлүк искусства и необходимостью научного осмысления когнитивной природы национального устного творчества. Полученные результаты имеют теоретическое и практическое значение для изучения устного поэтического наследия.

***Ключевые слова:*** *акын-төкмө, импровизация, психология, когнитивная модель, внимание, память, восприятие, мышление.*

## *Features of memory tokmo akyns*

**Abstract**

This article presents a cognitive psychological analysis of memory processes in the creative activity of Kyrgyz improvisational poets (akyn-tökmö). Tökmö performance is a complex form of psychological activity that requires a high level of development of cognitive processes such as memory, attention, perception, thinking, and imagination. The purpose of the study is to identify the psychological mechanisms that enable tökmö poets to memorize a large number of poetic texts and melodic patterns and to respond rapidly to every utterance of an opponent during aitys competitions. The study is based on cognitive memory models proposed by J. Miller, the Atkinson–Shiffrin model, and the working memory framework of Baddeley and Hitch. The findings show that working, semantic, and verbal memory constitute the cognitive foundation of improvisational creativity in tökmö poets. The relevance of the study lies in the insufficient psychological research on improvisational oral art and the need to scientifically explain the cognitive nature of national oral traditions. The results have both theoretical and practical significance for the study of oral poetic heritage. In addition, the research considers experiential factors influencing memory development and emphasizes that the situational nature of tökmö performance requires rapid activation of cognitive processes.

***Keywords:*** akyn-tökmö, improvisation, psychology, cognitive model, attention, memory, perception, thinking.

**Киришүү**

Төкмөлөрдүн чыгармачылыгы фольклорчулар тарабынан жыйналып, иреттелип, изилденип, филологиялык, философиялык аспекттерден изилденип келет.

Төкмө акындардын ишмердик өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн жалпы эле таануу процесстеринин психологиясына токтолуп, төкмөлүк ишмердикке таасир этүүчү адамдын таануу процесстеринин (көңүл буруу, сезип-туюу, кабыл алуу, эс, ойлоо, кыялдануу ж.б.) психологиясы жөнүндө сөз козгойбуз.

Төкмөлөрдүн чыгармачылыгындагы таануу процесстеринин өзгөчөлүктөрүн психологиялык аспекттен алгач изилденип, төкмөлөрдүн когнитивдик процесстеринин өзгөчөлүктөрү психологиялык өңүттөн талдоого алынды. Төкмөлөр көптөгөн ырларды жана ырдоо стилдерин кантип эсинде сактайт? Кантип төкмө айтышта атаандаш акындын айткандарын эч бирин унутпастан, ар бир сөзүнө жооп берет? - деген суроого жооп алуу илимий макаланын максаты болду.

Когнитивдик психологияда эс процесстери XX кылымдын ортосунан тартып системалуу түрдө изилденип келе жатат. Айрыкча Дж. Миллердин (1956) кыска мөөнөттүү эстин көлөмү тууралуу «7±2» концепциясы, Аткинсон–Шиффриндин (1968) маалыматты сенсордук, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү эс системалары аркылуу иштеп чыгуу модели, Баддели жана Хитчтин (1974) жумушчу эс теориясы, ошондой эле О’Киф жана Наделдин (1978) мейкиндиктик эс жана когнитивдик карта жөнүндөгү изилдөөлөрү эс процесстерин түшүндүрүүдөгү негизги илимий багыттарды түзөт (Мурзаев, 2024а). Бул эмгектерде эстеп калуу, сактоо жана кайра жаңыртуу механизмдери универсалдуу когнитивдик процесс катары каралган. Бирок аталган изилдөөлөрдө төкмө акындардын чыгармачылык ишмердигине мүнөздүү эс процесстеринин өзгөчөлүктөрү атайын объект катары каралган эмес. Буга байланыштуу бул изилдөөдө төкмөлөрдүн эс процесстеринин психологиялык өзгөчөлүктөрү когнитивдик психологиянын алкагында алгачкы жолу талдоого алынууда. Төкмө акындардын импровизациялык ишмердиги шартында эс кандайча иштээри, маалыматты ыкчам кабыл алуу, иштетүү жана чыгармачылык менен кайра түзүү механизмдери илимий жактан негиздөөгө муктаж маселе болуп эсептелет.

Изилдөөнүн гипотезасы төмөнкүчө аныкталды: төкмөлөр өзүнө гана таандык эс процесстеринин өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп, дал ушул өзгөчөлүктөр төкмөлүк өнөрдү ийгиликтүү аркалоонун негизин түзөт. Бул илимий божомол «Төкмөлөрдүн эс процесстери кандай өзгөчөлүктөргө ээ?», «Айтыш учурунда төкмөлөр атаандашынын ар бир сөзүн, интонациясын, кыймыл-аракетин кандайча кабыл алып, эсинде сактап калат жана ошол эле учурда жооп иретинде жаңы поэтикалык текстти кантип түзөт?» деген суроолорго жооп издөөгө түрткү берди.

Изилдөөнүн тарыхына кайрылсак, төкмөлөрдүн чыгармачылыгы кыргыз илиминде негизинен философиялык, адабият таануу жана маданият таануу аспекттеринде каралып келген. Айрыкча, ой жүгүртүүнүн жаралышы, көркөм ойдун табияты, төкмөлөрдүн дүйнө таанымы жана социалдык-философиялык көз караштары академик А. Салиев жана башка окумуштуулар тарабынан иликтенип келген (Салиев, 1980). Бирок төкмөлөрдүн чыгармачылыгындагы когнитивдик процесстер, атап айтканда эс, көңүл буруу, кабыл алуу жана ой жүгүртүүнүн психологиялык механизмдери атайын изилдөө объектиси катары каралган эмес.

Эстеп калуу жана унутуу маселелери алгач немис психологу Г.Эббингауз тарабынан эксперименталдык негизде изилденип, эс процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган. Кийинчерээк эс процессинде вербалдык-акустикалык жана семантикалык коддоонун мааниси Дж. Сперлинг, Р.Аткинсон жана башка окумуштуулар тарабынан изилденген (Психология, 1990). Бул эмгектер маалыматты коддоо ыкмасы эстеп калуунун натыйжалуулугуна түздөн-түз таасир этерин далилдейт.

Төкмөлүк өнөр ырчыдан эс процесстеринин жогорку деңгээлде өнүккөн болушун талап кылат. Анткени төкмөлүк ишмердик чоң көлөмдөгү маалыматты тез кабыл алуу, аны узак мөөнөттүү эстен активдештирүү жана ошол эле учурда жаңы мазмун жаратуу менен байланыштуу. Төкмө акын эл ичинде айтылган көптөгөн ырларды жатка билип, айтыш учурунда атаандашынын ар бир сөзүн, маанисин, образдык тутумун эстеп калууга жана ага заматта көркөм жооп даярдоого тийиш. Бул процесс эс, ой жүгүртүү жана чыгармачылык импровизациянын өз ара тыгыз байланышта иштешин шарттайт.

Ошондуктан бул изилдөөдө төкмөлөрдүн чыгармачылыгы жана төкмөлүк ишмердиктин психологиялык өзгөчөлүктөрү когнитивдик психологиянын маалыматты иштеп чыгуу этаптары (кабыл алуу, коддоо, сактоо жана кайра жаңыртуу) алкагында каралат. Мындай ыкма төкмөлөрдүн эс процесстеринин табиятын тереңирээк ачып берүүгө жана улуттук оозеки чыгармачылыктын психологиялык негиздерин илимий жактан түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөдөгү негизги максат төкмөлөрдүн психологиялык, тактап айтканда таанып-билүү (когнитивдик) өзгөчөлүктөрүн ачыктоо болуп саналат. Жогоруда аталган суроолор төкмөлүк ишмердикте эс, көңүл буруу жана ой жүгүртүү процесстеринин өз ара байланышын аныктоого багытталган.

**Изилдөө методу**

Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө, төкмөлүк өнөрдү жана төкмөлөрдүн чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн когнитивдик психологиялык өңүттөн талдоого алууга түрткү берди.

Конитивдик психология адамдын психикасындагы таануу процесстерди психологиялык аспектен изилдөөчү, аларды жаңыча мүнөздөп түшүндүргөн психологиянын бир бөлүмү (Мурзаев, 1924б, с.112).

Конитивдик психологияда когнитивдик карта түшүнүгү бар. Ал – адамдын мейкиндик, бөлөк адам менен болчу карым-катышта кандай аракеттерди, эмнелерди аткарарын алдын ала ыраатынын түзүлүшү (Психология, 1990, с.163).

Төкмөлүк өнөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө *ишмердиктин натыйжаларын изилдөө методун* колдонуп, төкмөлөрдүн өз алдынча ырдоо жана айтыш процесстери талдоого алынды.

Төкмөлөрдүн когнитивдик психологиясын ачып берүү үчүн, алардын эс өзгөчөлүктөрүнө токтолуу зарыл болуп саналат.

Эс (память) – адамдын башынан өткөргөн турмуш тажрыйбаларын, өздөштүргөн билимдерин, маалыматтарын, билгичтиктерин жана машыгууларын белгилүү убакыт өткөндөн кийин баш мээде сактап, зарыл учурда кайра жаңыртып, аларды өзүнүн турмушунда жана практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алуусун камсыз кылуучу психикалык процесс.

Эс аркылуу адам өткөн турмуштук тажрыйбасын азыркы учур менен байланыштырып, келечектеги иш-аракеттерин пландаштырат. Ушул мааниде эс адамдын турмуштук тажрыйбасынын үзгүлтүксүздүгүн сактап, инсандык бүтүндүктүн калыптанышына негиз түзөт.

Эс – адамдын инсан катары калыптанышында өзгөчө мааниге ээ. Эс бузулган учурда адам өзүнүн ой-пикирин, дүйнөтаанымын, адаттарын жана жүрүм-турум стереотиптерин жоготуп, күнүмдүк жашоодо аткарылып келген иш-аракеттерди ишке ашырууда олуттуу кыйынчылыктарга туш болот. Мындай абал эс процесстеринин адамдын таанып-билүү ишмердигинде гана эмес, анын социалдык жана практикалык жашоосунда да негизги орун ээлерин далилдейт. Психология илиминде эс бир нече негизги процесстерден турат: маалыматты эске калтыруу, эсте сактоо, зарыл учурда эске түшүрүү жана унутуу. Бул процесстер бири-бири менен өз ара байланышта болуп, адамдын таанып-билүү ишмердигинин натыйжалуулугун камсыз кылат. Ошондой эле эс мазмунуна, ишке ашуу формасына жана ишмердикке катышуу өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кандай түрлөргө жана типтерге ажыратылып каралат (Мурзаев, 2022).

Төкмөлөрдүн *эси* эл ичинде айтылып жүргөндөй - *феноменалдуу.* Төкмөлөрдүн эсин - эсте калтырылган маалыматтын, нерсенин образынын, касиетинин белгилүү убакытка чейин унутулбай баш мээде сакталышынын жана аларды тездик менен эске түшүрүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачыктоо үчүн “Төкмөлөрдүн айтышып жаткан акындын ар бир сөзүн, кыймылын кантип эсте сактап калат жана ага жооп берүүсү кандайча ишке ашат?” - деген суроого жооп берүүбүз керек.

Төкмөлөргө *куйма кулактык* жана *төкмөлүк эс* мүнөздүү.

Төкмөлөр тубаса куйма кулак болуп, укканын уккандай эстеп калууга жөндөмдүү болушат. Ошондон өзүнө чейинки төкмөлөрдүн ырларын жатка билип, аларды элге тартуулап (М: Осокем, Эсекем ж.б. ушинтип ырдаган экен”) жүрөт, ал эми айтыш учурунда атаандашынын айткандарын бүт эстеп калып, ага жооп берип, айтышта өз өнөрүн көрсөтүүгө жана айтыш өнөрүн өнүктүрүүгө жөндөмдүү болушат.

Төкмөлүк эстин жаралышынын башкы себеби, төкмөнүн когнитивдик процесстеринин, акыл-эс аракеттеринин өзгөчөлүгү болуп саналат. Ал төкмө сөздү угуп, кабыл алып жаткан учурда эле ага жооп даярдап барышы (коюшу), эсинде сакталган айтыш тажрыйбаларды эске түшүрүүсү, аны үлгү кылып алышы, эмне деп жооп берүүнү ойлонушу жана өзүнүн жообун эсинде сактап турушу, ошону ыр формасында элге сунушташы менен байланыштуу. Мына ошондуктан төкмөлөрдүн эси жөнүндө сөз кылганда кыргыз элиндеги *куйма кулак* жана психологиядагы *эйдетикалык эс* деген түшүнүктөрдү көңүлгө тутуубуз зарыл.

*Куйма кулактык.* Кыргыз элинде адамдарды эс өзгөчөлүгүнө карап *кум кулак, таш кулак, куйма кулак* ж.б. деп ажыраткан.

Кум кулак киши укканын кум сыяктуу куюлтуп жиберип, баарын унутуп калса, *куйма кулак* киши кандай укса, ошондой эстеп калуу жана аларды кайталоо жөндөмдүүлүгүнө ээ.

Төкмөлөргө куйма кулактык мүнөздүү (Алагушов, 1988). Төкмөлөр биринчи кезекте куйма кулак болуп, укканын уккандай эстеп калууга жөндөмдүү болушат. Мына ошол куйма кулактыктан гана төкмөнүн эси өтө күчтүү болуп, көргөнүн, укканын эсинде бекем сактап калат. Кыргыздар таза абада жашап, таза суу ичип, таза (адал) тамактар менен тамактангандан кыргыз элинин арасында куйма кулак кишилер өтө көп болгон. Куйма кулактар гана

манасчылык, төкмөлүк өнөрдү, (санжыраны) өнүктүрүп, жалпы эле оозеки чыгармаларды, “Манас” эпосу баш болгон көптөгөн эпосторду ооздон-оозго сактап, муундан-муунга өткөрүп, биздин күнгө жеткирип келишти (Султанова, Абасбекова, 2024).

Төкмөлөр да куйма кулактыгынан гана айтышып жаткан төкмөнүн ар бир сөзүн эстеп калып, ага жооп берип, айтышта өз өнөрүн көрсөтөт жана айтыш өнөрүн өнүктүрөт. Куйма кулактыгынан төкмөлөр айтыш өнөрүн философиялык ой толгоолорду баяндаган чоң өнөргө чейин өнүктүрүп жеткиришкен.

Төкмөлүк эс түшүнүктүрөөк болсун үчүн *эйдетикалык эс* терминин кененирээк чечмелей кетели.

Эйдетикалык эс – бул адамдын көргөн нерсесин сүрөткө тартып алгандай так жана толук эстеп калуу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлгөн эс түрү. Мындай эс түрүнө ээ болгон адам көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай эч бир деталын калтырбай, аны аң-сезиминде (баш мээсинде) толук сактап кала алат. Башкача айтканда, эйдетикалык эс предметтердин, көрүнүштөрдүн же угулган маалыматтын эң майда элементтерине чейин так элестетип, ксерокөчүрмөдөй кайра жандандырып берүү мүмкүнчүлүгүн шарттайт (Мурзаев, 2022).

Ушул өңүттөн алып караганда, төкмө акындарда эйдетикалык эстин өзгөчө бир формасы катары «төкмөлүк эс» деген өзүнчө түшүнүк, кубулуш бар экендигин моюнга алуу илимий жактан негиздүү болот. Төкмөлүк эс — төкмөлөргө гана мүнөздүү болгон, эйдетикалык эс сыяктуу эле таасир эткен дүүлүктүргүчтөрдү сүрөткө тартып алгандай так сактай алган эс түрү. Бирок ал жөн гана механикалык эстеп калуу менен чектелбестен, көңүл буруунун, сезип-туюунун, кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн күчтүүлүгү жана чыгармачылыктын тыгыз жуурулушу аркылуу калыптангандыгы менен айырмаланат.

Төкмөлүк эстин негизги өзгөчөлүгү – акындын эстеп калган маалыматты чыгармачылык менен өзгөртүп, аны жаңы мазмунда, ыкчам түрдө ыр формасында элге жарыялай алуусунда көрүнөт. Бул эс түрү айтыш учурунда атаандаш акындын айткан сөздөрүн, кыймыл-аракеттерин, образдарын толук эстеп калууга жана ошол эле учурда аларды өз ой-пикири, дүйнө таанымы менен байытып, көркөм жооп кайтарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, эйдетикалык эс маалыматты «сүрөткө тартып алгандай» сактоого багытталса, төкмөлүк эс ошол сакталган материалды чыгармачылык менен кайра иштеп чыгып, атаандашына жооп иретинде колдонууга шарт түзгөн эс болуп саналат.

Эйдетикалык эс айрым гана адамдарга мүнөздүү болуп, психологиялык жактан сейрек кездешүүчү кубулуш катары каралат. Ал эми төкмөлүк эс мындан айырмаланып, төкмөлүк ишмердиктин жүрүшүндө калыптанып, дайыма айтышта, төкмө чыгармачылыкта активдүү көрүнүшү менен өзгөчөлөнөт. Башкача айтканда, төкмөлүк эс – табигый жөндөм менен бирге үзгүлтүксүз чыгармачылык тажрыйбанын натыйжасында өнүккөн эс түрү.

Төкмөлүк эстин мазмунуна өзүнө чейинки төкмө акындардын ырларын, айтыштарын, көркөм сөз үлгүлөрүн эсинде сактай билүү, айтышып жаткан учурда атаандаш акындын сөздөрүн жана кыймыл-аракеттерин толук кабыл алуу, аларды оперативдүү түрдө колдоно алуу, ошондой эле эстеп калгандарын өзүнүн ой-пикири жана чыгармачылык табити менен байытуу жөндөмдүүлүгү кирет.

Сөзүбүзгө далил катары залкар төкмө акын Замирбек Үсөнбаевдин төкмөлүк эсинин өзгөчөлүгүн белгилөөгө болот. Ал филармонияга ишке келген алгачкы күндөрүнөн тартып (1968-жылы, 18 жашында) бүгүнкү күнгө чейин акындардын арасында ырдалган ырларды,

залкарлардын айтыштарын, айтыштын жүрүшүн, айтылган керемет сөздөрдү, баяндалган окуяларды жана чогуу жүргөн учурдагы турмуштук көрүнүштөрдү төкпөй-чачпай, өтө элестүү түрдө концерттерде, телеберүүлөрдө жана башка маданий иш-чараларда баяндап берип келет. Анын эскерүүлөрүндө окуялар азыр болуп жаткандай таасир калтырып, эмоция-сезимдерге бай, деталдары так жана жандуу сүрөттөлүшү менен айырмаланат. Бул көрүнүш Замирбек Үсөнбаевдин төкмөлүк эсинин өзгөчө өнүккөндүгүнүн, башкача айтканда, куйма кулактыгынын айкын далили болуп саналат (телекөрсөтүүдөн алынды).

Эми төкмөлүк эс деген түшүнүккө кененирээк токтолсок, төкмө акындын сүрөткө тартып алгандай эси, андан ары чыгармачылык менен өзгөртүлүп (атаандашка жооп берилип) эсте калтырылганы төкмөлүк эсти түзөт. Б.а., т**өкмөлүк эс –** өзүнө чейинки төкмөлөрдүн ырларын жатка билиши жана төкмө акындын айтыш учурунда акындын айткандарын, кыймыл-аракетин, атаандашынын айткандарын (ал өзгөртүлүп) жооп иретинде айтчу сөздөрүн (ырын) даярдоосу жана эсте калтырылышы.

Биздин пикирибизче, төкмө акындардын эс тутуму өзүнө гана таандык болгон бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Тактап айтканда, төкмөлөрдүн эс тутуму эки негизги белгиси аркылуу мүнөздөлөт. Биринчиден, төкмөлүк эс эйдетикалык эстин белгилерин камтыган, б.а., таасир эткен маалыматты сүрөткө тартып алгандай так жана толук сактай алган эс түрү болуп саналат. Экинчиден, бул эс түрү статикалык мүнөзгө ээ болбостон, тынымсыз динамикада, кыймылда болуп, айтыш учурунда жана төкмөлүк чыгармачылык процессинде активдүү ишке кирет.

Төкмөлүк эстин динамикалуу мүнөзү анын жөн гана маалыматты пассивдүү сактоосу менен чектелбестен, аны ыкчам түрдө кайра иштеп чыгууга, чыгармачылык менен өзгөртүүгө жана жаңы көркөм формада элге сунуштоого мүмкүнчүлүк түзөрү менен түшүндүрүлөт. Бул жагынан алганда, төкмөлүк эс эстеп калуу, сактоо жана кайра жаңыртуу процесстеринин жогорку деңгээлде интеграцияланышынын натыйжасы болуп эсептелет. Төкмөлөрдүн эс тутуму дайыма чыгармачылык аракет менен коштолуп, ой жүгүртүүнүн, элестетүүнүн жана көркөм интуициянын активдүү иштешин талап кылат.

Адамдын эс тутумундагы мындай өзгөчөлүктөрдүн калыптанышы тарыхый-этномаданий жана экологиялык факторлор менен да тыгыз байланышта экендигин белгилөөгө болот. Кыргыз элинин көчмөн турмуш шартында таза абада жашоосу, табигый булактардан таза суу ичүүсү, ошондой эле табигый жана адал тамак-аш менен тамактануусу адамдын физикалык гана эмес, психикалык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн да жогорку деңгээлде өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн. Ушундай жашоо шарты эс тутумдун тунуктугуна, кабыл алуу сезимдеринин курчтугуна жана маалыматты узак убакытка так сактап калуу жөндөмдүүлүгүнө оң таасирин тийгизген деп айтууга негиз бар.

Мунун натыйжасында кыргыз элинин арасынан акыл-эси даана, ой жүгүртүүсү терең болгон улуу инсандар (Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч ж.б.), ошондой эле куйма кулактык касиети өзгөчө өнүккөн адамдар — манасчылар, санжырачылар, төкмө акындар, Куйручук сыяктуу элдик даанышмандар көп чыккан. Алар элдик тарыхты, руханий мурасты, көркөм сөз өнөрүн муундан муунга оозеки түрдө так жана жандуу жеткирүүдө төкмөлүк эстин жана куйма кулактык жөндөмдүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышкан. Демек, төкмөлүк эс кыргыз элинин руханий маданиятынын өзөгүн түзгөн феномен катары, табигый шарттар, этномаданий чөйрө жана чыгармачылык ишмердиктин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында калыптанган комплекстүү кубулуш деп кароого болот.

*Төкмөлүк эс* **–** төкмөлүк тажрыйбаны жана төкмө акындын айтыш учурундагы бардык нерселерди (атаандаштын ар бир сөзүн, кыймылын, маанайын ж.б.) сүрөткө тартып алгандай эсте сактап калышы.

Төкмөлүк тажрыйба – өзүнө чейинки төкмөлөрдүн ырларын, ырдоо өзгөчөлүктөрүн эсинде сактап, аны чыгармачылык менен пайдалануу жөндөмдүүлүгү.

Төкмөлүк эстин жаралышы **б**иринчи кезекте төкмөнүн көңүл буруусунун бир нерсеге өтө күчтүү топтолушунун жана туруктуулугунун жогорулугу. Экинчи кезекте, ага таасир эткен маалыматтарды өтө эмпатиялуу жана жүрөгү менен кабыл алуусуна жана ага айтыш учурундагы бардык нерселерди (атаандаштын ырын, маанайын, элдин маанайын, кыймыл-аракетин ж.б.) эстеп калууга мүмкүндүк берет. Үчүнчү кезекте, төкмөлөр табиятынан куйма кулак болушуп, тубаса берилүүчү эсте сактоонун өзгөчө түрүнө - *төкмөлүк эске* ээ болушат.

Төкмөлүк эстин *экинчи белгиси* анын тынымсыз *динамикада* (кыймылда) болушу.

***Төкмөлүк эстин*** тынымсыз динамикада (кыймылда) болгондугу, төкмөлүк ишмердиктин өзгөчөлүгү менен байланыштуу. Төкмөлүк ишмердиктин татаал жана динамикалуу болушу, анын эсинин да динамикалуу болушуна алып келет. Анткени айтышта ойлор, идеялар такай кыймылда (өзгөрүүдө) болот, төкмө атаандашынын айткандарын кабыл алып, аларды эстеп калып, аларга карата өз ой-пикирин жаратып, аны жыйынтыктап, сөз болуп жаткан нерсеге өз мамилесин билдирип, атаандашынын айткандарына жооп даярдап, алардын баарын кошуп бир системага келтирип, анан гана өз ырын даярдап, өз ой-пикирин, көз карашын жарат ат. Айтышкан акындын айткандарын, кыймыл-аракетин сезип-туюп, аларды кабыл алып жатканда эле атаандашынын айткандарына эмне деп жооп берүүгө даярданып баруусу (эсте сакталган тажрыйбаларды эске түшүрүп, алардын үстүнөн ойлонуп (ал чыгармачылык менен өзгөртүлүп), жооп иретинде айтчу сөздөрүн (ырын) даярдоосу жана алардын баарысын эсинде кармап туруусу, жыйынтыгында төкмөнүн эсинде сакталып турушу ар бири өзүнчө процесс болуп саналат.

Төкмөлөрдүн эстеп калуусунун жогорудагыдай өзгөчөлүгү, анын ойлоосунун өзгөчөлүктөргө ээ болушун аныктайт. Алсак,

Өтүп кеткен иш үчүн,

Өкүнүп балаң урбагын (Кыргыз поэзиясынын антологиясы, 1980) – деген ыр саптары акыл калчоодон келип чыккан жыйынтык ойду билдирүү менен бирге, тарбиялык мааниге ээ.

Жогоруда айтылгандарга мисал келтирсек, казак акыны Аскар Дүйсөмбиев өз эл-жерин көкөлөтө мактап:

*“Жерибизден атып чыгып муңайыбыз*

*Бизге да берип жатыр кудайыбыз.*

*Кыргыз боорум Силерге эмне болду*

*Башыңыздан ашып түштү убайымыңыз.*

*Чөлүбүздөн казылып темирибиз,*

*Бизге да берип жатыр теңирибиз*

*Жаныңда байгерчиликте казак турса,*

*Мухиттин ары жагындагы*

*Америкадан да карыз сурадыңар”* ж.б.у.с. ыр саптары менен “бизде байлыктын баары бар, а силерде жок дегендей” ырына Элмирбектин берген жообун келтиребиз:

Казакка түздү бериптир,

Мунайга жакын болсун деп.

Кыргызга кырды бериптир.

Кудайга жакын болсун деп.

Казакка чөлдү бериптир,

Темирге жакын болсун деп.

Кыргызга тоону бериптир.

Теңирге жакын болсун деп.

Бул саптардан Элмирбек казак акындын айтканын бүт эсинде сактап калып, анын маанисин толук кайталап айтып, анын сөзүнүн тууралыгын билдирип, атаандаш акындын айткандарына карата өз ойлорун, көз карашын билдирип, кыргызда бөлөк элде жок рухий байлыктар бар экендигин, элибиздин ушул өзгөчөлүгүн көзгө сая көрсөтүп, жөнөкөй сөздөр менен атаандаш акынга таамай жооп бергени, анын өзгөчө чоң талант экендигин жана **төкмөлүк** өнөрдүн керемет күчүн көрсөтүп турат. Бул жерде эки акындын ой жүгүртүү денгээлдери эки башка экендиги, казак акыны материалдык өзгөчөлүктөр алкагында ой жүгүртсө, Элмирбек Иманалиев материалдык денгээлден рухий жыйынтыктарды чыгарышы буга күбө.

Төкмөлөрдүн чыгармаларын конитивдик татаалдык категориясынан (Мурзаев, 2024а, с.164) карасак, төкмөлүк өзүнүн конитивдик татаалдыгы менен айырмаланат жана ал төкмөлөрдүн айтыш учурунда өнөр (өз чыгармачылык жөндөмүн, талантын көрсөтүү) жарышындагы интеллектуалдык кармаш процесси болуп саналат.

Айтыш төкмөлөрдүн интеллектуалдык кармаш процесси. Себеби айтышта эки акын өзүнүн парасаты, эстеп калуусу, акыл калчоосу, жаңы ой айтуусу, чыгармачылык шык-жөндөмү ж.б. боюнча бири-биринен үстөм болууга, жеңишке жетүүгө умтулган процесс экендиги менен байланыштуу.

Төкмөлөрдүн эсин схема түрүндө берсек;

| *Кабыл алынган маалымат (А)* | *Кабыл алынган маалымат (Б)* |
|---|---|
| → мурдагы эс тутумдагы маалыматтар менен дароо салыштырылат;<br>→ алдын ала талдоодон өткөрүлөт; | → ой жүгүртүү жана акыл калчоо аркылуу иштетилет;<br>→ чыгармачылык интерпретацияланат;<br>→ жыйынтык ой калыптанат;<br>→ андан кийин гана эс тутумда бекем сакталат. |

Ушул алгоритмдерден кийин гана алардын баарын эстеп кала алат.

**Жыйынтык**

Төкмө акындар айлана-чөйрөнү, коомдук көрүнүштөрдү жана адамдык мамилелерди өзгөчө эмпатиялуу сезим менен, б.а. жүрөгү аркылуу кабыл алышат. Алар кабыл алган маалыматтарды жөн гана эстеп калбастан, өздөрүнө мүнөздүү болгон төкмөлүк эс аркылуу баш мээсинде сактап, андан соң чыгармачылык менен кайра иштеп чыгышат. Натыйжада, мурдагы тажрыйба менен жаңы ой жүгүртүүнү айкалыштырып, сапаттуу жаңы көркөм образдарды жана идеяларды жаратышат.

Төкмөлүк ишмердиктин жүрүшүндө төкмөлүк эс калыптанат. Бул эс түрү эйдетикалык эс сыяктуу өзгөчөлүккө ээ болуп, айтылган сөздөрдү айтылгандай, көргөн нерсени көргөндөй так эстеп калууга мүмкүнчүлүк берет. Мунун аркасында төкмө акындар угуп жаткан маалыматты бурмалабай, толук кандуу кабыл алып, аны эсинде бекем сактай алышат. Ошондуктан айтыш учурунда атаандаш акындын айткан сөздөрүнүн бирин да унутпай, ар бир ойго өз убагында жана мазмундуу жооп кайтарууга жөндөмдүү болушат.

Төкмө акындарга төкмөлүк эс менен катар куйма кулактык да мүнөздүү. Төкмөлөрдүн чыгармачылык ишмердигинен улам пайда болгон төкмөлүк эс өз алдынча түшүнүк, өзгөчө психикалык кубулуш катары каралат. Аны эйдетикалык эстин бир формасы катары талдоо илимий жактан негиздүү болуп саналат.

*Төкмөлүк эс* – бул айтышып жаткан акындын сөздөрүн, сүйлөө манерасын, кыймыл-аракеттерин, жаңсоолорун толук эстеп калуу менен гана чектелбестен, ошол маалыматтарды өзүнүн ой-пикири, дүйнө таанымы жана философиялык көз карашы менен байытып, кайрадан көркөм формада сунуштай билүү жөндөмдүүлүгү.

Куйма кулактык касиетинин аркасында төкмө акындар элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн – дастандарды, поэмаларды, эпосторду муундан муунга жеткирип келишкен. Ошол эле учурда айтыш учурунда атаандаш төкмөнүн ар бир сөзүн эсинде сактап, ага ырааттуу жооп берүү менен өз өнөрүн көрсөтүп, айтыш өнөрүнүн өнүгүшүнө чоң салым кошушкан. Ушундай өзгөчөлүктөрүнүн негизинде төкмөлөр айтыш өнөрүн жөн гана сөз таймашы эмес, философиялык ой толгоолорду камтыган ири көркөм өнөр деңгээлине чейин көтөрүп жеткиришкен.

Төкмөлүк эс төкмөлүк өнөрдүн жашап турушун камсыз кылган негизги шарт болуп эсептелет жана бул өнөрдүн классикалык үлгүлөрүнүн жаралышына өбөлгө түзөт. Мисал катары Эсенаман менен Жеңижоктун айтышын келтирүүгө болот. Эсенаман тарабынан айтылган татаал, терең ойлорго карабастан, Жеңижок анын бардык сөздөрүн так эстеп калып, ар бирине логикалык ырааттуулукта жооп берип, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги жана сөздөрүнүн таамайлыгы менен жеңишке жетишкен.

Төкмөлүк эс ой жүгүртүүнүн негизинде калыптанган мнемоникалык процесс болуп саналат жана өзүнүн татаалдыгы менен айырмаланат. Изилдөөлөр төкмө акындардын эс ишмердиги бир нече баскычтар аркылуу ишке ашарын көрсөтөт: алгач кабыл алынган маалыматтар заматта мурда сакталган маалыматтар менен салыштырылат; андан соң талдоодон өткөрүлүп, ой жүгүртүлөт; акыл калчоо жүргүзүлүп, жыйынтык ойлор түзүлөт. Ушул процесстерден кийин гана маалымат толук кандуу эс тутумда бекем сакталат. Мындан көрүнүп тургандай, төкмө акындарда кабыл алуу ойлонулган мүнөзгө ээ болуп, эстеп калууда ой жүгүртүүнүн ролу өтө чоң мааниге ээ. Дал ушул акыл-эс аракеттеринин негизинде

төкмөлөр айтыш учурунда айтылган сөздөрдү, кыймыл-аракеттерди, жаңсоолорду унутпай, алардын үстүнөн терең ойлонуп, негиздүү жооп кайтара алышат.

Жыйынтыктап айтканда, төкмө акындар куйма кулактык касиетинин негизинде күчтүү эс тутумга ээ болуп, көргөнүн жана укканын бекем сактай алышат. Айтыш учурунда атаандаш акындын айткан ойлорунун бирин да калтырбай, ар бирине мазмундуу жооп берип, ошол эле учурда көтөрүлүп жаткан темага карата өзүнүн жеке позициясын билдиришет. Төкмө акындардын эстеп калуу жөндөмүнүн мындай өзгөчөлүгү алардын ой жүгүртүүсүнүн да өзгөчө мүнөзгө ээ болушуна түздөн-түз таасир тийгизет. Ошондуктан төкмөлөрдүн эс тутумунун өзгөчөлүктөрүн тереңирээк ачып берүү үчүн когнитивдик психологиянын жетишкендиктерине таянып, атайын эксперименттик изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл деп эсептелет.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Алагушов, Б. (1988). *Ырдагы өмүрлөр: Портреттер, ар жылдардын ар кыл ойлору*. Кыргызстан.
2. Барпы. (1995). *Чыгармалар* (Т. 1; Б. Апилов, түз.; К. Даутов, жооптуу ред.). Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы.
3. Волков, Г. Н. (2000). *Этнопедагогика*. Академия.
4. Ирисов, П. (2004). *Ырчылар чыгармачылыгы*.
5. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. (1980). *I том*. Кыргызстан.
6. Межличностное восприятие в группе. (1981). Г. М. Андреева, А. И. Донцов (ред.). МГУ, 26-36.
7. Мурзаев, М.С. (2022). *Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү*.
8. Мурзаев, М.С. (2024a). *Социалдык психология*. Улуу Тоолор.
9. Мурзаев, М.С. (2024b). Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрү. *Вестник КГУ имени И. Арабаева*, 4, 20-26.
10. *Психология: Словарь.* (1990). А. В. Петровский, М. Г. Ярошевский (ред.). Политиздат.
11. Салиев, А.А. (1980). *Человеческая психология и искусство*. Кыргызстан.
12. Султанова, Ж., Абасбекова, А. (2024). Тенденции развития жанра “айтыш” в современном контексте. *Вестник Ошского государственного университета,* (4), 243–253. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_4_23
13. Когнитивная психология. (ж.д.). Интернет-ресурс.
14. Miller, G.A. (1956). *The magical number seven, plus or minus two: Some limits on our capacity for processing information***.** Psychological Review, 63(2), 81-97. https://doi.org/10.1037/h0043158
15. Atkinson, R.C., & Shiffrin, R.M. (1968). *Human memory: A proposed system and its control processes*. In K. W. Spence & J.T. Spence (Eds.). The psychology of learning and motivation (Vol. 2, pp. 89–195). Academic Press.
16. Baddeley, A.D., & Hitch, G.J. (1974). *Working memory*. In G. A. Bower (Ed.). The psychology of learning and motivation (Vol. 8, pp. 47–89). Academic Press.
17. O’Keefe, J., & Nadel, L. (1978). *The hippocampus as a cognitive map*. Oxford University Press.